**УДК:101.327**
**DOI 10.33514/1694-7851-2024-1-32-38**

**Бекбоева А.К.**
философия илимдеринин кандидаты, доцент
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
alajbekboeva032@gmail.com
**Мамытов Б.**
магистрант
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
turdubaevich.00@mail.ru

# КЫРГЫЗСТАНДА МУСУЛМАНДЫК БИЛИМ БЕРҮҮ СИСТЕМАСЫН РЕФОРМАЛОО МЕЗГИЛ ТАЛАБЫ

**Аннотация:** Бул макалада авторлор учурдагы кыргызстандык коомундагы светтик жана диний билим берүү системасындагы окуу программаларынын өзгөчөлүктөрүн талдоого алган. Негизги көйгөйлөрдүн бири катары Кыргызстандагы диний окуу жайларынын предметтик стандартарын өзгөртүү зарылдыгы тастыкталып, диний билим беруу мекемелеринин бүтүрүүчүлөрү мусулман интеллигенциясын калыптаныщцына өбөлгө болоору белгиленген. Макалада чет элдик тажрыйбанын негизинде Кыргызстанда диний билим берүүнүн үч негизги модели бар экенин көрүүгө болот**.** Авторлор, учурда азыркы коомдун суроо-талаптарын жана керектөөлөрүн эске алган жогорку исламдык билим берүүнү калыптандыруу артыкчылыктуу болуп саналган бирдиктүү билим берүү стандарттарынын кабыл алынышы зарылдыгы көрсөтүлгөн. Ошондой эле, бардык диний окуу жайлары билим берүү министрлиги менен биргеликте иштеши жана мүмкүн болушунча жалпы талаптарга бардык талаптарды жакындатуу керек. Диний окуу жайларына жана жалпы окуу жайларына коюлган талаптардан айырмачылыктар дээрлик болбошу абзел. Ал эми, жалпысынан алганда, авторлор, диний билим берүү мекемелери мусулман интеллигенциясын даярдоону максат кылган классикалык Ислам билимин камтыган диний-светтик окуу пландарын түзүү мезгил талабы болууда деген пикирге келишкен.

**Негизги сөздөр:** мамлекет, коом, ислам, тарых, теология, светтик, диний билим берүү, институт, мекеме, стандарт

**Бекбоева А.К.**
кандидат философских наук, доцент
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
alajbekboeva032@gmail.com
**Мамытов Б.**
магистрант
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева

г. Бишкек
turdubaevich.00@mail.ru

## РЕФОРМА СИСТЕМЫ МУСУЛЬМАНСКОГО ОБРАЗОВАНИЯ В КЫРГЫЗСТАНЕ-ВЕЛЕНИЕ ВРЕМЕНИ

**Аннотация:** В данной статье авторы проанализировали особенности учебных программ в системе светского и религиозного образования в современном кыргызском обществе. В качестве одной из основных проблем была подтверждена необходимость изменения предметных стандартов религиозных учебных заведений в Кыргызстане, отмечено, что выпускники религиозных образовательных учреждений будут способствовать формированию мусульманской интеллигенции. В статье на основе анализа зарубежного опыта обозначено, что в Кыргызстане существуют три основные модели религиозного образования. Авторы указали на необходимость принятия единых образовательных стандартов, что является приоритетом формирования высшего исламского образования, учитывающего запросы и потребности современного общества. Также все религиозные школы должны сотрудничать с Министерством образования и максимально приблизить все требования к общим требованиям. Между требованиями к религиозным образовательным учреждениям и общеобразовательным учреждениям практически не должно быть различий. И в целом авторы пришли к мнению, что назрела необходимость для религиозных образовательных учреждений создать религиозно-светские учебные программы, включающие классическое исламское образование, направленное на подготовку мусульманской интеллигенции.

**Ключевые слова:** государство, общество, ислам, история, теология, светское, религиозное образование, институт, учреждение, стандарт

**Bekboeva A.K.**
Candidate of Philosophy, Associate Professor
Kyrgyz State University named after. I. Arabaev
Bishkek c.
alajbekboeva032@gmail.com
**Mamytov B.**
graduate student
Kyrgyz State University named after. I. Arabaev
Bishkek c.
turdubaevich.00@mail.ru

## REFORM OF THE MUSLIM EDUCATION SYSTEM IN KYRGYZSTAN IS A MATTER OF TIME

**Annotation:** In this article, the authors analyzed the features of educational programs in the system of secular and religious education in modern Kyrgyz society. As one of the main problems, the need to change the subject standards of religious educational institutions in Kyrgyzstan was approved and it was noted that graduates of religious educational institutions will contribute to the formation of the Muslim intelligentsia. In the article, based on the analysis

of foreign experience, it is indicated that there are three main models of religious education in Kyrgyzstan. The author pointed out the need to adopt uniform educational standards, which is a priority for the formation of higher Islamic education, which takes into account the demands and needs of modern society. Also, all religious schools should cooperate with the Ministry of Education and bring all requirements as close as possible to the general requirements. There are practically no differences between the requirements of religious educational institutions and general educational institutions. And in general, the author came to the opinion that there was a need for religious educational institutions to create religious and secular curricula, including classical Islamic education, aimed at training Muslim intellectuals.

**Key words**: state, society, Islam, history, theology, secular, religious education, institute, establishment, standard

Эгемендүү Кыргыз Республикасында диний билим берүүнүн көлөмү бир топ көбөйдү. Кыргыз Республикасындагы диний уюмдар өздөрүнүн дин кызматкерлерин даярдоо максатында, диний окууларын, диний практиканын ыкмаларын сактоо жана диний ан-сезимди өнүктүрүү көздөгөн диний окуу жайларын ача башташкан. Анын негизинде, бүгүнкү күндө Кыргызстанда 91 диний окуу жайлары диний билим беришип келуудо, аларга токтолсок, анда:

• 77 ислам багытындагылар, анын ичинде: 1 университет, 9 институт жана 67 медресе;

• 16 христиандык - 7 жогорку жана 8 орто окуу жайлары [1, с.45].

Диний билим берүүнүн эки негизги принциптин негизинде аныкталган. Биринчиси, диний билим берүү өзүнүн табияты боюнча эки баскычтуу болушу зарыл: диний кызматкерлерди даярдоо жана жарандарга жалпы диний билим берүү максатын көздөшөт. Экинчиси динди жалпы билим берүүчү дисциплина катары окутууга умтулушат. Эгерде чет элдик тажрыйбага кайрыла турган болсок, диний билим берүүнүн үч негизги модели бар экенин көрүүгө болот:

а) мамлекеттик жана мамлекеттик эмес мектептерде жалпы диний билимди окутуу;

б) диний окуу жайларда гана окутуу;

в) мамлекеттик жана мамлекеттик эмес мектептерде окутууга тыюу салуу.

Ал эми, Кыргызстанда мусулмандык билим берүү системасы негизинен диний мекемелердин алкагында калыптанган жана өнүгүп келе жатат. Белгилей кетсек, биздин өлкөдө исламдык билим берүүнүн салттуу системасына басым жасалат. Бул биринчи кезекте ислам окуу жайларында бүтүрүүчүлөру менен байланыштуу, анткени алар диний билимин коомчулукка исламдын культтук иш-аракеттерин үйрөтүүгө умтулушууда. Негизинен алсак, диний билим берүү – дин кызматкерлерин даярдоо боюнча окуу жайлардын ишмердүүлүгү. Эгерде 1991-жылга чейин жергиликтүү дин кызматкерлери өздөрүнүн ислам багытындагы окуу жайларынын жоктугунан Бухара жана Самарканд шаарларындагы мусулман окуу жайларынан диний билим алып келише, 2008-жылдын баштап Ислам университетинде, 6 институтта, 50 медреседе жана окуу жайларынан диний билим алышууда [2, с.89].

Көптөгөн ислам окуу жайлары араб демөөрчүлөрүнүн каражатына курулганына карабастан, түрк адистери мечит имамдарын кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу менен алектенет. Акыркы мезгилде Түркия Кыргызстандын мусулман диниятына белгилүү бир таасирин тийгизүүдө. Мындан тышкары, мамлекеттик кызматкерлер, изилдөөчүлөр жана эксперттер диний чөйрөнүн тарыхый, маданий жана салттуу өзгөчөлүктөрүнүн окшоштугунан улам мамлекет менен диндин ортосундагы мамилелердин түрк тажрыйбасына ыкташат. Ошондой эле, ислам окуу жайларынын

жетекчилери бир нече жолу исламды окутууда түрк усулдарын колдонууну жана бул өлкөнүн тажрыйбасын тартууну жактап чыгышкан. Алардын ичинде светтик мамлекеттер аралык биргелешкен окуу жайлары, анын ичинде Кыргыз-Иран жана Кыргыз-Кувейт университеттери түзүлгөн. ОшМУда 1993-жылдан бери Түркиянын билим берүү мекемелери менен тыгыз байланышта иш алып барган Түркиянын «Дианет Вакф» фонду тарабынан каржыланган Борбор Азиядагы алгачкы теология (ислам) кафедраларынын бири ачылган. Ушундай эле факультет Кыргыз-Түрк «Манас» университетинде, И.Арабаев атындагы КМУда теология факультети, Ж.Баласагын атындагы Улуттук университетте дин таануу кафедрасы, Кыргыз-Орус Славян университетинде – "Дүйнөлүк маданияттар жана диндер" бөлүмү да диний билим берүүдө [3, с.65].

Биринчи ислам жогорку окуу жайы 1993-жылы 13-майда Бишкек шаарында ДУМКнын алдында иштеп жаткан медресенин базасында ачылган Хазрети Умар атындагы Ислам институту ачылган. Андан сон Кыргызстан мусулмандарынын экинчи Курултайынын токтомуна ылайык, 2003-жылдын 19-июнунда Кыргызстан мусулмандарынын дин башкармалыгынын өзүнчө буйругу менен Ислам институту Ислам университети болуп өзгөртүлгөн.

Мусулман имамдарынын жана мударистеринин сапаттык деңгээлин талдоо ислам билим берүү системасы туш болгон көйгөйлөрдү аныктоого мүмкүндүк берди:

Биринчиден, квалификациялуу мусулман дин кызматкерлеринин кескин жетишсиздиги.

Экинчиден, бул иш-чаранын жаңычылдыгынан материалдык-техникалык жактан жабдылышы начар, тиешелүү диний окуу адабияттары, оргтехникалар, класстык бөлмөлөр ж.б. жетишсиз болгон.

Үчүнчүдөн, окуу-методикалык жактан камсыздоонун начардыгы, медреселер менен институттардын окуу программаларында айырмачылыктын жоктугу, ал эми көпчүлүк окуу жайлардын окуу курстары көбүнчө Куранды жаттоо жана диний ырым-жырымдарды аткаруудан гана турган. Диний дисциплиналарды окутууну заманбап шарттарга ылайыкташа албагандыгы жана ар кандай семинарлар жана тренинг программалары аркылуу тажрыйба алмашуу аркылуу мугалимдердин билимин жогорулатууга, диний квалификациясын, чеберчилигин жана практикасын жогорулатууга мүмкүнчүлүктүн жоктугу. Диний исламдык билим берүүнүн бирдиктүү усулдук стандарттарынын жоктугу, натыйжада окутуунун сапатынын төмөндүгүнө, бул бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик даярдыгынын төмөн деңгээлине алып келет. Бул окутуунун төмөн деңгээли өзунун мамлекетинин коорсуздунун камсыздалынышa, улуттун кызыкчылыктарынын коздогон, коомдун бакубаттулугуна камсыз кылууга, өз динин билген жаңы муундагы диний лидерлерди түзбөйт дегенди билдирет.

Диний билимдин алкагында чектелип калган айрым студенттер заманбап технологиялардын мүмкүнчүлүктөрүн жана өнүгүүгө жаңы мүмкүнчүлүктөрдү берген окутуунун өзгөргөн ыкмаларын билишпейт.

Мындай абалдын негизги себеби, балким, бир жагынан, мындай программаларды иштеп чыгууга кызыкдар болгон тиешелүү адистердин жетишсиздиги менен түшүндүрүлсө, экинчи жагынан, көпчүлүктүн пикири боюнча, мусулман үчүн эң негизгиси Куранды туура окуй билүү, негизги диний ырым-жырымдарды аткаруу, жалпы кабыл алынган сүрөлөрдүн чечмеленишин билүү жетиштүү деп эсептешет [4, с.109]

Белгилей кетсек, нукура теологиялык багыты боюнча билим алган көптөгөн бүтүрүүчүлөр жумуш табууга жана жарандык коомдун муктаждыктарына социалдык ыңгайлашуусуна

тоскоолдуктарды жаратуусу мүмкүн. Андыктан, жаштардын бул категориясын жарандык коомго интеграциялоо, аларды социалдык активдүү инсан катары калыптандыруу маселеси жаралууда.

Учурда бул университеттерде теология факультеттеринде билим негизинен ислам укугу (фикх) жана филология (араб тили) боюнча берилет. Ошондой эле, төрт баскычтуу системалык программалар иштелип чыккан – бакалавриат, магистратура, аспирантура жана докторантура. Мындан тышкары, квалификациялуу теологиялык билимди жогорулатуу максатында имамдар үчүн эки жылдык курстар ачылган.

Светтик ЖОЖдордо диний окуу жайлардагы окутуу системасына салыштырмалуу мамлекеттик жогорку окуу жайлардын теология факультеттеринде окутуу системасы заманбап талаптарга жооп берет. Теология жана араб тили боюнча атайын сабактардан тышкары философия, Ислам философиясы, педагогика, тарых жана башка светтик предметтер бар, бул предметтер студенттердин коз караштарын кеңейтүүгө көмөктөшкөн сабактар, ал эми, диний окуу жайларында бул предметтердин берилбегендиги, бул окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрүнүн дипломдорун таанууга жана жумушка орношуусуна негизги тоскоолдук болуп саналат. Ошондуктан, Кыргыз мамлекетинин өзгөчөлүгүн, социалдык-экономикалык деңгээлин, менталитетин, салтын, руханий жана психологиялык абалын, азыркы коомдун суроо-талаптарын жана керектөөлөрүн эске алган жогорку исламдык билим берүүнү калыптандыруу артыкчылыктуу болуп саналган бирдиктүү билим берүү стандарттарынын кабыл алынышы зарыл [4, с.90].

"Теология" багыты боюнча диний жана светтик билим берүү мекемелеринин окуу пландарын салыштырмалуу талдоо Ислам университеттери учурдагы эл аралык стандарттарга карата атаандаштыкка туруштук бере албайт деген тыянак чыгарууга мүмкүндүк берет.

Ислам окуу жайларында диний предметтердин арасында тафсир (Куранга комментарийлер), акида (диний көз караштар системасы), фикх (Диний укук), сулук (Ислам этикасы), сира (Мухаммед Пайгамбардын өмүр баяны), мантик (логика), даават (Ислам чакырыгы жана жайылтуу) жана башка окутулат. Мисалга алсак, Ош мамлекеттик университети 2012-2013-окуу жылынан баштап "теология" 531600 -багыты боюнча адистерди даярдап келет. Окуу мөөнөтү-4 жыл. Факультетте дин тарыхы жана теология менен тыгыз байланышкан предметтерди, хадис таануу, Ислам агымынын тарыхы, Ислам теологиясы (куран таануу), Ислам укугу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик стандарт тарабынан аныкталган дин философиясы, дин психологиясы, араб тили, дин педагогикасы предметтери окутулат. Бүтүрүүчүгө теология бакалавры деген квалификациялык даража ыйгарылат. Бүтүрүүчү илимий-изилдөө, окутуу-тарбиялоо жана эксперттик-консультациялык иштерди аткарууга даярдалышы керек, б.а. Ошондуктан теология бакалаврынын окуу планы Кыргыз Республикасынын Жогорку кесиптик билим берүүсүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын талаптарына жооп бериши абзел. Жалпы кесиптик теологиялык дисциплиналар араб тили, диний окуу адабияты ж.б,, диний социология, психология, укук, философия, окуу планы ГСЭ (гуманитардык жана социалдык-экономикалык) менен МТГ (математикалык жана табигый-гуманитардык) циклинин дисциплиналарын камтышы зарыл. Анткени, бүтүрүүчү теолог өзүнүн кесиптик ишмердүүлүгүн диний уюмдарда гана эмес, мамлекеттик структураларда жана дин таанууга тиешеси бар светтик коомдук уюмдарда да жүргүзө алууга мүмкүнчүлүк алышы керек [4, с.92].

Муфтият Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын талаптарын эске алуу менен бардык ислам окуу жайлары үчүн типтүү окуу планын иштеп чыккан жана окуу программаларын стандартташтыруу жана аларга светтик дисциплиналарды киргизүү боюнча токтомун кабыл алган. Бирок окуу планы аны ишке ашырууда көптөгөн кыйынчылыктарга карабастан, 2014-жылдын сентябрында иштелип чыгып, ишке ашырылган. Медреселер негизинен «Кыргыз тили», «Дене тарбия», «Информатика» сыяктуу сабактарды киргизе башташкан, стандартта аныкталган светтик предсеттерди окутууга мугалимдерди тартууга каражаттын жетишсиздигинен окутулбайт, окутулса да өтө чектелген саат өлчөмдөр менен окутулат. Ошондой эле кээде, жумасына же айына бир жолу "Кыргызстандын тарыхы" окутулат. Мындай абалдын тузулушуно белгиленген себептерден сырткары, медресе башчыларынын “диний билим менен жалпы билимди аралаштыруу окуучулардын көңүлүн алаксытат” деген пикирлери себеп болууда.

Изилдөө көрсөткөндөй, 9-класстын бүтүрүүчүлөрүн кабыл алган медреселердин окуу пландары менен 11-класстын бүтүрүүчүлөрүн кабыл алган ислам институттары менен университеттердин программаларынан дээрлик эч кандай айырма жок. Бир эле стандарттуу диний дисциплиналарга бөлүнгөн сааттардын санында өтө аз айырма бар. Медреселердин жана университеттердин окуу пландарында светтик сабактарды өздөштүрүү инсандын жалпы маданий өнүгүүсүнө кызмат кылат, логикалык, чыгармачылык, өз алдынча ой жүгүртүүсүн өстүрөт [5, с.194].

Бардык диний окуу жайлары билим берүү министрлиги менен биргеликте иштеши керек. Алар мүмкүн болушунча жалпы талаптарга бардык талаптарды жакындатуу керек. Окуу жүктөмү жана сааттардын саны, предметтердин, кредиттердин, экзамендердин саны светтик университеттердегидей болушу керек. Диний институттардын студенттери курстук жана дипломдук иштерди жазышы керек.

Республикадагы ислам дини боюнча белгилүү эксперттердин бири теолог Кадыр Маликов да медреселерге светтик сабактарды киргизүү зарыл деген пикирде. “Диний билим берүүнү реформалоо, диний билимдин деңгээлин көтөрүү зарылдыгын, диний окуу жайларына светтик сабактарды киргизүү жана мамлекеттик диплом берүү керектигин белгилейт [6, с.26]. Ушундай эле пикирге муфтияттын басма сөз катчысы Юсур Лома ажы да кошулат. Анын пикири боюнча диний окуу жайлардын окуу процессине светтик дисциплиналардын өзгөчө философиянын тарыхы, логика, учурдагы табият таануу концепциясы, аймак таануу, мамлекеттик курулуш сыяктуу предметтер жогорку диний окуу жайлары үчүн милдеттүү болушу керек [7, с.45].

Бардык диний окуу жайлары Билим берүү министрлиги менен өнөктөштүктө иштеши керек. Диний окуу жайларына болгон талаптар жалпы окуу жайларына коюлган талаптарга жалпысынан айырмачылыктар болсо да, өтө аз болуш абзел. Бирок, окутуунун жүктөмү жана сааттардын саны, предметтердин, экзамендердин саны светтик окуу жайларындай болушу керек. Бардык диний окуу жайлары Билим берүү министрлиги менен өнөктөштүктө иштеши керек. Диний окуу жайларына жана жалпы окуу жайларына коюлган талаптардан айырмачылыктар дээрлик болбошу абзел. Окутуунун жүктөмү жана сааттардын саны, предметтердин, экзамендердин саны светтик окуу жайларындай болушу керек. Диний мекемелердин студенттери курстук иштерди жана бүтүрүүчү кваликациялык ищтерди жазуусу зарыл. Анткени, бул талап келечекте кесип ээси катары илимий –изилдөө багытында илимий методологияны өздөштүрүшүнө өбөлгө болот [8, 23-б.]. Аталган маселелер диний билим берүүнүн стандарттарын иштеп чыгууда көнүлгө алынышы керек. Ал эми

жалпысынан, диний билим берүү мекемелери мусулман интеллигенциясын даярдоону максат кылган классикалык Ислам билимин камтыган диний-светтик окуу пландарын түзүү мезгил талабы болууда.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**


1. Кыргызстан в цифрах. – Б., 2018, – С. 120.
2. Ажыбекова К.А. Кризис цивилизации в XXI веке: дефицит новых социально-нравственных и политических ценностей. – Б., 2014.
3. Курманов Э.Ж. О религиозном образовании в Кыргызстане // Религия и образование: Матер. Научн-практ конф. – Бишкек: 2019. – С. 265.
4. Павлов А. Теология как направление университетского образования в России и Центральной Азии –М. 2019, – С. 150.
5. Оморов А. Модели светского религиозного образования. – Б., – 2018. – С. 87.
6. Маанаев Э., Курбанова Н., Бекбоева А.К. Исламско-христианские взаимоотношения в Кыргызстане -Б., //Вестник КГУ им.И.Арабаева, –2020 – №4, – С.191-197.
7. Галиева З.И. Проблемы духовного образования в Кыргызстане. – Бишкек: 2018. – С. 185.
8. Ормоналиев К. Мечети и медресе как центры духовной культуры: – Ош, 2019 – С.148.
9. Садыгалиев Н.Диний билим беруу: абалы жана көйгөйлөрү. – Б., 2019, – 211 б.


**Рецензент: тарых илимдеринин кандидаты, доцент Алымкулов К.**